| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br>АЛТЫН-АРАШАН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АЛТЫН-АРАШАН |
|---|---|---|

**XXVIII-чакырылышынын Алтын-Арашан жергиликтүү Кенештин биринчи кезексиз сессиясы**

**Т О К Т О М**

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2024-жылдын** 21 февраль **№** 1 **Октябрь а.**

**Алтын-Арашан айыл аймагыны жергилктүү кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду бекитүү тууралуу**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында айылдык кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобону жетекчиликке алып, **токтом кылат:**

1. Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө 2024-жылдын 21-февралындагы № 1 протокол бекитилсин.

2. Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин Иманалиев Тологон Талатбекович шайланган төрагасы деп таанылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б.Б Асангазиев**

Жиберилди: Иш кагазына-1, Юстицияга-2

**Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районундагы бириккен Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасын шайлоодо ачык добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө**

**ПРОТОКОЛ №1**

**2024-жылдын** 21 февраль **Октябрь а.**

**Төрагалык кылуучу**: Б.Б Асангазиев
**Сессиянын катчысы**: Ж.С Батамбекова
**Катышкандар:** жергиликтүү депутаттар

**Күн тартиби:**
1.Алтын-Арашан айыл аймагы деп аталышы боюнча
2.Алтын-Арашан жергиликтүү кеңешинин төрагасын жана орун басарын шайлоо боюнча

**Катышкандар:** жергилитүү Кенештин депутаттары

**Октябрь, Кара-Жал, Бөрү-Баш бириккен Алтын-Арашан жергиликтүү кеңешинин жалы депутаттарынын саны - 43, анын ичинен катышкандары -33**

"Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы № 24 Жарлыгы менен бекитилген пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформаныгн алкагында жергиликтүү кеңештердин иши жөнүндө Убактылуу жобого ылайык, төрагалык кылуучу Асангазиев Бактыбек Бейшебекович Алтын-Арашан жергиликтүү кеңешинин төрагасын шайлоо боюнча ачык добуш берүүнүн тартиби менен тааныштырды.

Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасынын кызмат ордуна 3 талапкер – Ак-Суу районундагы Октябрь, Кара-Жал, Бөрү-Баш айыл аймагын түзгөн айылдык кеңештердин төрагалары ат салышат.

1.Жумашев Райымбек Орозалиевич - Кара-Жал айылдык кеңештин төрагасы;
2.Иманалиев Төлөгөн Талатбекович- Октябрь айылдык кеңештин төрагасы;
3.Тынаев Кубанычбек Джапарович - Бөрү-Баш айылдык кеңештин төрагасы.

Ачык добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөндөгүлөр аныкталды:
1. Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын жалпы саны – 43 түзөт.
2. Ачык добуш берүүгө катышкан депутаттардын саны - 33
3. Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны (алфавиттик тартипте):

1. Жумашев Райымбек Орозалиевич - 9 добуш.
2. Иманалиев Төлөгөн Талатбекович - 22 добуш.
3. Тынаев Кубанычбек Джапарович - 2 добуш.

Ак-Суу районундагы Октябрь, Кара-Жал, Бөрү-Баш бириккен Алтын-Арашан айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасынын кызмат ордуна ар бир талапкер боюнча ачык добуш берүүнүн жыйынтыктары аныкталды, ага ылайык депутаттардын көпчүлүк добушун алган талапкер Иманалиев Төлөгөн Талатбекович Алтын-Арашан жергиликтүү кеңешинин төрагасы шайланган деп таанылды.

**Төрагалык кылуучу** **Б.Б Асангазиев**

**Катчы** **Ж.С Батамбекова**